Мырзакат ТЫНАЛИЕВ, "Кыргыз Туусу"

Улуттук банкта

# Акчаны сактоонун "алтын аспабы" иштеп баштады

*Калктын өз финансылык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүсүнө жол ачуу менен КРнын Улуттук банкы май айынан тарта салмагы 1, 2, 5, 10 жана 31,1035 гр. болгон алтын өлчөнгөн куймаларын эркин сатыкка чыгара баштады. Алар корголгон таңгакчага салынган, ал бир эле убакта куйманын сертификаты да болуп саналат. Мындан тышкары, 100 гр. салмактагы өлчөнгөн куймалар сертификаты салынуу менен жеке таңгакчага салынуу менен сатыкка чыгарылды. Алтын куймалардын баары 9999 үлгүсүндөгү жогорку сапаттагы алтындан жасалган.*

КРнын Улуттук банкынын төрагасы Толкунбек Абдыгуловдун айтымында мындай кадам өлкөнүн экономикасындагы долларлашууну төмөндөтүүгө багытталып, адамдардын аманаттарын сактоо жолун тандоодо кошумча аспап болуп саналат. Ал долбоор өлкөдөгү зергерчилик тармагынын өнүгүшүнө да түрткү бермекчи.

Өлкөнүн башкы банкынын жетекчисинин пикиринде алтын куймасын инвестициялык ыкма катарында колдонуу үчүн аны кайра сатып алуу да каралган. Ошондой эле доллар, же башка чет элдик валюта менен сакталган банктык депозиттердин көлөмүн азайтуу үчүн жарандарга алтын куймасы менен акчаларды сактоо ыңгайлуу экени да түшүндүрүлүп жатат. Анткени, валютанын курсу өтө волатилдүү болуп, анча ишеним жаратпай келет. А алтындын баасы дайыма туруктуу экенин изилдөөлөр көрсөткөн.

Майда салмактагы алтын куймалары Казакстанда жасалган, анткени биздин Кара-Балта аффинаж заводунда андай майда көлөмдөгү куймаларды жасоого техникалык мүмкүнчүлүктөр жок. Ошол эле учурда 100 гр. салмактагы куйма дал ушул заводдо жасалган. Бул долбоордун экинчи этабында салмагы 1, 2, 5, 10 жана 31,1035 гр. болгон алтын өлчөнгөн куймалары, ошондой эле күмүштүн өлчөнгөн куймалары өзүбүздөн чыгарыла баштамакчы.

Куймаларды чыгаруунун зарылчылыгы боюнча, Улуттук банктын адистери ал өлкөдө баалуу металлдар рыногун түзүү жана өркүндөтүү, инвестициялоо жана байлыкты топтоо үчүн жаңы аспаптардын рыногун түзүү, коммерциялык банктардын ишенимдүү инвестициялык актив сактоочу катары жагымдуулугун жогорулатуу, банк рыногуна инвестицияларды тартуу, алтын өндүрүү тармагынын өндүрүмдүүлүк потенциалын өнүктүрүү, экспортко багытталган продукциянын кошумча наркын көбөйтүү, өлкөдө баалуу металлдар биржасын түзүү жана өнүктүрүү үчүн өбөлгө түзүү максаттарын көздөгөнүн билдиришет.

Жөнөкөй сөздөр менен айтканда, алтын куймаларынын чыгарылышы менен эми накталай акчалардын жүгүртүлүшүнүн көлөмү өзгөрмөкчү. Акчага болгон суроо-талап азайгандан улам, инфляциялык басым да азаймакчы. Азыр кыргызстандыктар акчаларынын басымдуу бөлүгүн депозиттерде сакташат, анын ичинен 54%ы доллар менен салынган. Эми финансылык рынокто алтын куймалардын пайда болушу менен келечекте комбанктарда металлдык эсептер, алтын депозиттер да ачылмакчы.

Мисал келтирип койсок, дүйнөдөгү дээрлик бардык мамлекеттер өздөрүнүн ашыкча каражаттарын алтын-валюта резерви катарында кармашса, анын теңинен көбү алтын түрүндө экени жалпыга маалым.




Алтын куймаларын накталай жана накталай эмес эсептешүүлөр аркылуу Улуттук банктын Борбордук жүгүртүү кассасынан, Ош облустук башкармалыгынын жүгүртүү кассасынан жана ошол кассаларда коюлган пос-терминалдар аркылуу банктык төлөм карталарын колдонуу менен сатып алууга болот. Сатып алууда кардар кассирге өздүгүн аныктаган документти (юридикалык жак ага кошумча ишеним катын) көрсөтүүгө тийиш.

Өлчөнгөн алтын куймаларынын сатуу-сатып алуу баасы күн сайын улуттук валютада аныкталып, Улуттук банктын расмий сайтынын "Банктык өлчөнгөн куймалар" бөлүгүндө жайгаштырылат. Куймаларды кайра сатып алуу алардын кутучасы-сертификаты бузулбаган шартта гана жүргүзүлөт. Ал чийилип же кутучасы бузулуп калган болсо, банк аны экспертизадан өткөргөндөн кийин гана сатып ала тургандыгын кардарлар эске алып койгону өтө маанилүү. Анткени экспертиза үчүн анын баасынан 7% өлчөмдө акы алынат жана 10 күндөй убакыт кетет.

Банк куймаларын сатууда же сатып алууда салыктар төлөнбөйт, бул дагы кардарлар үчүн пайдалуу. Алтын куймалары КРнын УБсында Бишкек шаары, Үмөталиев көчөсү, 101, же Ош шаары Курманжан датка көчөсү, 119 даректеринде ишемби жана жекшемби күндөрүнөн тышкары, саат 9.00дөн 15.00гө чейин жүргүзүлөт.

***

## "Тоодак" жүгүртүлүүгө чыгарылды

Улуттук банк "Тоодак" күмүш коллекциялык монетасын жүгүртүүгө чыгарды.




Бул 1995-жылдан баштап өлкөнүн башкы банкы тарабынан чыгарылган элүү биринчи коллекциялык монета болуп калды. Жалпысынан 1 мельхиор, 3 алтын, 37 күмүш жана 10 жезникель монеталары чыгарылган.

"Тоодак" күмүш монетасынын номиналы 10 сом жана ал "Кыргызстандын кызыл китеби" сериясындагы монеталардын катарын толуктады. Ал 3 миң дана чыгарылган жана азыркы баасы 2 миң сом.

Улуттук банктын коллекциялык монетасын чыгаруунун негизги максаты – Кыргызстандын жаратылышын, бай жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн даңазалоо экендигин белгилешет башкы банктын адистери.

Экинчи жагынан өлкөдө жылдан-жылга нумизматикалык монеталарга кызыгуу артууда. Мисалы, Улуттук банктын адистеринин айтымында, күмүш монеталар бир жарым жумадан үч жылга чейинки аралыкта, жезникель монеталар бир жумадан эки айга чейин сатылып кетип жатат.